**Ош технологиялык университетинин кесиптик бирлиги**

## ОшТУнун кесиптик бирлигинин кыскача тарыхы

Ош технологиялык университетинин Кыргыз ССРинин Түштүк аймагынын жаштары үчүн курулуш, танспорт, электр энергиясы менен камсыз кылуу боюнча инженерлерди даярдоо максатында 1963-жылы Ош шаарында Фрунзедеги политехникалык институттун жалпы техникалык факультети ачылган. 1996-жылы Ош технологиялык университетине айланган.

Фрунзе политехникалык институтунун Оштогу кечки бөлүмү 1963-

жылы уюшулуп, ошол жылдан баштап, коомдук башталыштагы профсоюз комитети 25 мүчө менен түзүлүп, 175 студент кабыл алынган. Ошол жылдардан баштап мүчөлөрүнүн саны өсүп келүүдө.

Азыркы учурда ОшТУнун кесиптик бирлиги 10 профбюролорду камтып, 773 кызматкер жана 138 студент профсоюз мүчөлөрүнөн турат.

Профсоюз уюмунун жетекчилери болуп алгач Абдивали Изабеков (1964-1983), кийин А.Р.Отомбаев (1965-1990), А.Зулпуев (1991-1996), Т.Ч.Култаев (1997-2000), А.А. Сагындыкова (2001-2010), А.А.Арзыматов (2010-2020), У.Ж.Мамытов (2020-2022), жетектеп келишкен. 2023-жылдын 10-мартында кезексиз IX чакырылышындагы кайра шайлоо конференциясы өткөрүлүп, 4 талапкердин ичинен ОшТУнун кесиптик бирлигинин төрайымы болуп Тиленбаева Багдагул Эргешовна шайланды.

**Кесиптик бирликтин максаттары жана милдеттери**

– менчигинин түрүнө жана алардын макулдугуна карабастан профсоюз мүчөлөрүнүн мыйзамдуу укуктарын жана кызыкчылыктарын мамлекеттик, чарбалык, коомдук жана башка уюмдарда көрсөтөт жана коргойт;

-мыйзамдардын долбоорлорун даярдоо жана аларды талкуулоо боюнча иштерге катышат;

– КР Өкмөтүнө жана Жогорку Кеңешине билим берүү жана илим тармактарындагы экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн мамлекеттик пландарын түзүү жана аткаруу жөнүндө сунуш киргизет;

-жамааттык келишимдерди жана макулдашууларды түзөт, алардын аткарылышын көзөмөлдүккө алат;

-аракеттенип жаткан мыйзамдуулукка ылайык эмгек мыйзамдуулугунун сакталышына, эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук жана профсоюз мүчөлөрүнүн ден соолуктары маселелерине текшерүү жана көзөмөл жүргүзөт;

– профсоюз уюмдарынын негиздүү талаптарын колдойт, мамлекеттик жана чарбалык органдар менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт, алар менен өзүнүн мамилелерин толук укуктуу кызматташтык негиздеринде жана социалдык өнөктөштүк принциптеринде алып барат;

-тармактын профсоюз мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарына республиканын башка тармактык, КМШ мамлекеттеринин профсоюздары, эл аралык профсоюз жана билим берүү уюмдары менен кызматташат;

-эмгекчилерди социалдык жана экономикалык коргоонун чараларын иштеп чыгууга катышат;

-зарылчылык чыкканда профсоюз мүчөлөрүнүн социалдык, экономикалык жана укуктук кызыкчылыктарын коргоо боюнча сотторго доо арыздары менен кайрылат.

Кесиптик бирлик комитетинин негизги милдети –университеттин окуу тарбиялык, маданий-массалык жана илим изилдөө иштеринин сапатын жогорулатууда, кызматкерлердин ден-соолугун чыңдоодо, студенттердин жашоо шарттары үчүн түзүлгөн камкордукттарды эмгек кодексинин негизинде жүргүзүнү көзөмөлдөп жана жакшыртуу болуп саналат. Эң негизгиси студенттер, окутуучулар жана башка кызматкерлерди социалдык жактан колдоо менен бирге, алардын укугун коргоп келет. Кесиптик бирлик комитети өз ишин институттардагы, бөлүмдөрдөгү атайын шайланган бюро мүчөлөрү аркылуу жүргүзөт.